MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIMI VAZIRLIGI

PEDAGOGIK MAHORAT VA XALQARO BAHOLASH ILMIY-AMALIY MARKAZI

Respublika Ta'lim Markazi

2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРДИН

# 11-КЛАСС

ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУКТУН НЕГИЗДЕРИ

ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР

ТАНДАЛМА ПРЕДМЕТТЕР

# 2025-2026 – ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРИНИН 11-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ТАНДОО ПРЕДМЕТТЕР ТОБУНДАГЫ МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУКТУН НЕГИЗДЕРИ ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ТЕКШЕРҮҮ ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫНЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация жалпы билим берүү мектептеринин 11-класс окуучуларынын мамлекет жана укуктун негиздери предметинен билим, көндүм жана компетенцияларын баалоодо пайдалана турган тест тапшырмаларынын мазмунун, камтуусун, түрүн, формасын, баалоо критерийсин жана өткөрүлүү тартибине коюлган талаптарын белгилейт.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун максаты – 11-класс окуучуларынын мамлекет жана укуктун негиздери предметинен билим, көндүм жана компетенцияларын учурдагы программаларда белгиленген окуу максаттарынын негизинде комплекстүү баалоо. Бул баалоо натыйжаларынын негизинде 11-класстар үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда кабыл алынуучу чечимдер негизделген болушун камсыздоо максатында балоодо жарактуулук, ишенимдүүлүк, адилеттүүлүк жана тазалык принциптерин сакталышы камсыздалат.

## II. Нормативдик негиздер

1. Өзбекстан Республикасы Элге билим берүү министринин 2008-жыл 4-марттагы «Жалпы орто билим алуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү уставды тастыктоо жөнүндөгү» 56-сандуу буйругу менен тастыкталган, «Жалпы орто билим алуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү устав».

2. Мамлекет жана укуктун негиздери предметинен 8-11-класстар үчүн учурдагы окуу программасы.

3. Өзбекстан Республикасынын Мекпекке чейинки жана мектепте билим берүү министринин 2026-жылдын 16-мартындагы №102 «2025-2026-окуу жылында жалпы орто билим берүүчү мекемелеринде окуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө» буйругу.

## III. Баалоонун камтуусу жана бөлүнгөн убакыт

Окуучулар үчүн мамлекет жана укуктун негиздери предметинен билүү даражасын аныктоо боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноосунда жалпы **20** тест тапшырмасы берилет. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноолору үчүн **180 мүнөт** убакыт берилген. Тест тапшырмаларынын мазмун тармагы, бааланууучу билим, көндүм жана компетенциялар боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкү жадыбалдарда чагылдырылган:

| Мазмун тармагы | Конструкттар | Тесттер саны |
|---|---|---|
| **Мамлекет жана укук** | Адам, коом жана мамлекеттин ортосундагы укуктук мамилелерди аныктайт жана аларды талдайт.<br><br>Мамлекет жана укуктун коомдук турмуштагы ордун жана ролун аныктайт. Мамлекет формаларын түрлөргө ажыратат жана алардын негизги өзгөчөлүктөрүн табат. Укуктук мамилелерди талдайт. Укук бузуучулуктун түрлөрүн бөлүштүрөт. Жоопкерчиликке тартуунун негиздерин түшүндүрөт. Эрезеге жете электердин укук жана милдеттенмелерин табат. Түрдүү жагдайларда укуктук нормаларды туура колдойт. | 3 |
| **Конституциялык укук** | Конституция эрежелеринин мазмун-маңызын түшүнөт жана аларды баяндайт. Конституциялык нормаларды аныктап, аларды белгилүү жагдайларга ылайыкташтырат. Конституциянын бөлүм жана главаларына тиешелүү нормаларды укуктук негиздер жана логикалуу далилдерге таянган абалда тандайт. Мамлекетте мыйзамдын үстөмдүгү принцибинин мазмунун жана маанисин укуктук далилдер менен негиздейт. Конституциялык укук нормаларынын окшош жана айырмалуу жактарын талдайт. | 3 |
| **Үй-бүлө укугу** | Үй-бүлө укугу менен тартипке салынуучу мамилелерди билет. Нике түзүү жана аны түгөтүүнүн укуктук негиздери, себептери жана алардын укуктук кесепеттерин аныктайт. Үй-бүлөдө баланын укук жана милдеттенмелерин амалдагы мыйзамдуулук нормаларынын негизинде талдайт. Алименттин түрлөрүн классификациялайт жана алардын колдонуу шарттарын аныктайт. Үй-бүлөлүк-укуктук мамилелерге тиешелүү түрдүү жагдайларда укуктук нормалардан туура пайдаланат. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| **Жарандык укук** | Жарандык укугу нормаларынын мазмунун жана бул укук тармагы аркылуу тартипке салынуучу социалдык мамилелерди аныктайт. Мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерди укуктук критерийлердин негизинде талдайт. Милдеттенме түшүнүгүн жана анын түрлөрүн айырмалайт жана алардын укуктук өзгөчөлүктөрүнө баа берет. Керектөөчүнүн укуктарын учурдагы мыйзамдуулук талаптарынын негизинде баалайт. Интеллектуалдык мүлк жана мураскерлик укугуна тиешелүү мамилелерди талдайт. Түрдүү жагдайларда тиешелүү жарандык-укуктук нормалардан негиздүү колдонот. | 2 |
| **Эл аралык укук** | Мамлекеттер, элдер жана эл аралык мекемелердин ишмердүүлүгүнө таандык маалыматтарды табат. Эл аралык коомчулуктун пайда болушу жана калыптануу жараянын тарыхый-укуктук көз караштан талдайт. Бириккен Улуттар Уюмунун ишмердүүлүгүн аныктайт. Эл аралык укук жана эл аралык мекемелердин ишмердүүлүгү менен байланыштуу жагдайларда укуктук мааниге ээ болгон туура маалыматтарды тандайт. Өзбекстан Республикасынын жарандыгын алуу жана жарандыкты жоготуунун укуктук негиздерин учурдагы мыйзамдуулуктун алкагында талдайт. Өзбекстандын эл аралык коомчулуктагы катышуусун жана ишмердүүлүгүн эл аралык-укуктук критерийлердин негизинде баалайт. | 2 |
| **Эмгек укугу** | Эмгек укугуна тиешелүү нормативдик-укуктук эрежелерди түшүнөт жана алардын колдонуу алкагын белгилейт. Эмгек келишимин түзүү жана аны жокко чыгаруу тартибин, ошондой эле, жумуш убактысы жана эс алуу убактысы түшүнүктөрүнүн мазмунун жана укуктук маанисин талдайт. Калкты жумуш менен камсыздоо( жумушка орноштуруу) багытындагы мамлекетибизде ишке ашырылып жаткан иш-чараларды аныктайт, алардын максатын жана күтүлүп жаткан натыйжаларды табат. Эмгек мамилелерине тиешелүү жагдайларды укуктук жактан баалайт. | 2 |
| **Административдик укук** | Административдик укук менен тартипке салынуучу социалдык мамилелердин мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн түшүнөт. Мамлекеттик кызматтардан пайдалануу тартибин, баскычтарын жана укуктук талаптарын билет жана практикалык жагдайларда колдоно алат. Административдик укук бузуучулуктар жана аларга колдонулуучу административдик жазаларды айырмалайт. Укук | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | бузуучулуктардын алдын алууга каратылган профилактикалык иш-чараларды талдайт. Түрдүү жагдайларга ылайыктуу административдик-укуктук нормаларды нормативдик талаптарга ылайыктуу колдонот. | |
| **Кылмыштык укук жана криминалогия** | Кылмыштык укук жана кылмыштык-процессуалдык укукка таандык негизги түшүнүктөрдү аныктайт, алардын мазмунун талдайт. Кылмыштын курамынын элементтерин табат жана кылмыштын социалдык кооптуулук даражасын укуктук критерийлердин негизинде баалайт. Катышуучулук жана жаза түрлөрүн бөлүштүрөт. Зомбулук жана алардын алдын алууга каратылган иш-чараларды талдайт. Жасалган укук бузуучулуктун ички (субъективдүү) жана тышкы (объективдүү) жактарын аныктайт. | 2 |
| **Экологиялык укук** | Экологиялык укуктун мазмунун, предметин жана максатын түшүнөт. Экологиялык укук бузуучулуктарды аныктайт. Экологиялык укук бузуучулуктарды башка укук бузуучулуктардан айырмалуу жактарын табат. | 1 |
| **Укуктун тармактары** | Турмуштук жагдайларды укуктук жактан талдайт. Жасалган укук бузуучулуктардын ички (субъективдүү) жана тышкы (объективдүү) жактарын аныктайт. Укук бузуучулуктардын акыбеттерин нормативдик негиздердин алкагында түшүндүрөт жана далилдерге таянган абалда жыйынтык чыгарат. | 1 |
| **Жалпы** | | **20** |

## IV. Когнитивдик көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү

| Когнитивдик деңгээл | Түшүндүрмөсү | Тесттер саны |
|---|---|---|
| **Билүү (Б)** | Билүү деңгээлиндеги, башкача айтканда, репродиктивдүү тапшырмалар окуучудан окуу материалдарын кайра иштебестен эс тутумда сактоо жана тааныш кырдаалдарда колдонууну талап кылат. Бул түрдөгү тапшырмалар төмөнкүлөрдү баалайт: мыйзамдуулуктар, касиеттер, түшүнүктөр, терминдердин маңызын жана аларды эсте сактоо. | 5 |
| **Колдонуу (К)** | Колдонуу деңгээлиндеги, башкача айтканда, продиктивдүү тапшырмалар окуучудан үйрөнүлгөн мыйзам жана мыйзамдуулуктарды берилген кырдаалга | 14 |

| | | |
|---|---|---|
| | ылайыктуу түрдө тандоо, талдоо, салыштыруу, бир канча мыйзам жана мыйзамдуулуктарды бир учурда колдоо жана жалпылоо, ошондой эле, жыйынтык чыгарууну талап кылат. | |
| **Ой жүгүртүү (О)** | Ой-жүгүртүү деңгээлиндеги, башкача айтканда, интеллектуалдык тапшырмалар, окуучудан өздөштүрүлгөн билим жана көндүмдөрдү тааныш эмес кырдаалдардо колдонуу, талдоо, синтездөө, салыштыруу, мыйзам жана мыйзамдуулуктарды иштетип, жалпылоо жана жыйынтык чыгарууну талап кылат. | 1 |

## V. Тапшырманын түрлөрү боюнча бөлүштүрүлүшү

| ТАПШЫРМАНЫН ТҮРҮ | ТҮШҮНДҮРМӨСҮ | ТАПШЫРМАНЫН САНЫ |
|---|---|---|
| Кыска жооптуу ачык тест **(О1)** | суроого кыска сүйлөм менен жооп берүүнү талап кылуучу жазма тапшырмалар | 6 |
| Дал келтирүү ачык тести **(О2)** | суроонун мазмунуна ылайыктуу жоопторду дал келтирүүнү талап кылуучу жазма тапшырмалар | 2 |
| Көп тандоолуу жабык тест **(Ү1)** | Суроонун мазмунуна ылайыктуу болгон жооп варианттарынын ичинен тууралырын тобууну талап кылуучу жабык тест тапшырмалары | 9 |
| Кеңейтилген жооптуу ачык тест **(О3)** | суроого кеңири жооп жазууну талап кылуучу жазма тапшырмалар | 3 |

## VI. Баалоонун критерийси жана баллды баага айландыруу тартиби

Окуучулардын жазма иштери жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноолорунда ар бир предметтен эң жогорку 100 балл менен бааланат. Тапшырмалар үчүн белгиленген баллдар алардын таталлдык даражасын, аткарууда талап кылынуучу билим, көндүм жана логикалык ой-жүгүртүү көлөмүн эсепке алуу менен белгиленген. Тапшырмалардын мазмуну жана татаалдык даражасынын негизинде ар түрдүү балл менен бааланат. Ар бир тапшырманын баалоо критерийси баалоо формасында берилген. Төмөндө баллды баага конвертациялоо жадыбалы берилген:

**Баллды баага айландыруу жадыбалы**

| Балл (%) | Баа | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| 0 – 29 | “2” | “канааттандырарлыксыз” |
| 30 – 65 | “3” | “канааттандырарлуу” |
| 66 – 85 | “4” | “жакшы” |
| 86 – 100 | “5” | “эң жакшы” |

## VII. Баалоо формасы

Окуучунун билим, көндүм жана компетенцияларын баалоо баскычы, бааланууучу мазмун тармагы, тапшырманын түрү, когнитивдик жараян жана баалоо критерийлери төмөнкү жадыбалда берилген:

| Тапшырманын тартип номери | Мазмун багыты | Тапшырманын түрү | Когнитивдик даража | Баалоо критерийси |
|---|---|---|---|---|
| **1-баскыч** | | | | |
| **1.** | **Мамлекет жана укук** | Ж1 | К | 4 балл |
| **2.** | | Ж1 | К | 4 балл |
| **3.** | **Конституциялык укук** | О1 | К | 4 балл |
| **4.** | | О2 | К | 4 балл |
| **5.** | **Үй-бүлө укугу** | О1 | Б | 4 балл |
| **6.** | | Ж1 | К | 4 балл |
| **7.** | **Жарандык укук** | О1 | Б | 4 балл |
| **8.** | | О2 | К | 4 балл |
| **9.** | **Эл аралык укук** | О1 | Б | 4 балл |
| **10.** | | Ж1 | К | 4 балл |
| **11.** | **Эмгек укугу** | Ж1 | К | 4 балл |
| **12.** | | Ж1 | К | 4 балл |
| **13.** | **Административдик укук** | О1 | Б | 4 балл |
| **14.** | | Ж1 | К | 4 балл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **15.** | **Кылмыштык укук жана криминалогия** | Ж1 | К | 4 балл |
| **16.** | | Ж1 | К | 4 балл |
| **17.** | **Экологиялык укук** | О1 | Б | 4 балл |
| **2-баскыч** | | | | |
| **18.** | **Мамлекет жана укук** | О3 | К | 10 балл |
| **19.** | **Конституциялык укук** | О3 | К | 10 балл |
| **20.** | **Укуктун тармактары** | О3 | О | 12 балл |
| **Жалпы** | | **100 балл** | | |

## VIII. Экзамендин тартиби

*Тыюу салынган каражаттар:* экзамен учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же эскертмелерден пайдаланууга катуу тыюу салынат.

*Ахлак жана тартип:* нуска көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, экзамен учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу абалдарга тыюу салынат.

Күзөтчү эреже бузуучулукту аныктаганда, протокол түзүп, тыңдоочуну тесттен четтетет жана натыйжасы жокко чыгарылат.

## IX. Сунушталып жаткан негизги адабияттар


1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы Lex.uz.

2. Өзбекстан мамлекети жана укугунун негиздери А.Каримова, Н.Исматова, Ш.Сариков, О.Аманова. «Ҳуқуқ ва жамият», Ташкент – 2019.

3. Конституциялык укуктун негиздери 9-класс окуу китеби. Г.М.Тансикбаева, В.А. Костецкий. “Шарқ”, Ташкент – 2019.

4. Мамлекет жана укуктун негиздери 10-класс окуу китеби. Х.Тойчиева жана башкалар. Республикалык билим берүү борбору, Ташкент – 2023.

5. Мамлекет жана укуктун негиздери 11- класс окуу китеби. А. Садиков, Н.Исматова, Ж.Бабажанов. Республикалык билим берүү борбору, Ташкент – 2025.


***Түшүндүрмө***: *Мамлекет жана укуктун негиздери предмети боюнча берилген тапшырмалар нормативдик-укуктук документтерге киргизилген өзгөртүү жана кошумчаларды эске алган абалда калыптандырылат. Мыйзамдык документтерде белгиленген тартипте өзгөртүү киргизилгенде мыйзамдын чыныгы булагына кайрылуу жасалат (Өзбекстан Республикасынын мыйзамдуулук маалыматтарынын улуттук базасы – Lex.uz. сайты).*

## 1-суроолор базасы

1. (К-4 балл) Төмөнда мамлекет түшүнүгүнө тиешелүү аныктамалар берилген. Алардын экөөсүнөн тышкары бардыгы мамлекет түшүнүгүнө кирет. Ашыкча экөөсүн тапкыла.

1) татал социалдык түзүм; 2) мамлекеттер менен саясий, экономикалык, маданий мамилелерди ишке ашырат; 3) мажбурлоо күчүнө ээ; 4) өз жарандары, ошондой эле, аймагында жашаган бардык адамдардын кызыкчылыктарын коргойт; 5) адамдардын социалдык мыйзамдары үстөм болгон, белгилүү калыптанган жалпы биримдиги; 6) өз алдынча саясий уюм.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

2. (К-4 балл) Төмөндө мамлекеттин ички функциясынын түрлөрү берилген. Алардын экөөсүнөн тышкары бардыгы мамлекеттин ички функциясына кирет. Ашыкча экөөсүн тапкыла.

1) жарандардын укук жана эркиндиктерин камсыздоо; 2) бардык мүлкчүлүк формаларындагы мүлктү коргоо; 3) мамлекеттин экономикалык тармактагы өнүгүүсүн камсыздоо: 4) тынчтык жана бейпилчиликти камсыздоо; 5) калкты социалдык жактан коргоо, социалдык тармакты өнүктүрүү; 6) эл аралык экономикалык ишмердүүлүк; 7) жарандардын маданий-агартуучулук жеткилеңдикке жетишүүсү үчүн шарт жаратуу.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К-4 балл) Төмөндө мамлекеттин монархиялык башкаруу формасынын белгилери берилген. Алардын экөөсүнөн тышкары бардыгы монархиялык башкаруу формасына кирет. Ашыкча экөөсүн тап.

1) бийлик ыйык жана кудайлык деп жарыяланат; 2) өз ишмердүүлүгүндө өз алдынча; 3) бийликтин ыйгарым укуктары бөлүштүрүлөт; 4) бийликти орнотуу, кабыл алуунун өзүнчө тартиби бар; 5) бийлик жогорку мекемелеринин өз чечимдерин шайланган мөөнөтү аралыгында кабыл кылат.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К-4 балл) Төмөнкүлөрдөн республика формасындагы башкарууга ээ болгон мамлекеттин негизги белгилерин тапкыла.

1) бийлик мекемелеринин өз чечимдерин шайланган мөөнөтү аралыгында кабыл алуу; 2) өзүнүн башкаруу натыйжасы үчүн юридикалык жоопкерчилик тартпайт; 3) бийлик орнотуу, кабыл алуунун өз алдынча тартиби бар; 4) адилеттүү сот жүргүзүүнү ишке ашыруучу мекеме болгон соттордун аброюн жогорулатуу; 5) өмүр бою башкаруу; 6) өз ишмердүүлүгүндө көз карандысыз.

| Жообу: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | |

5.(К-4 балл) Төмөндө демократиялык тартип белгилери берилген, алардын экөөсүнөн тышкары бардыгы демократиялык тартип белгилерине кирет. Ашыкча экөөсүн тапкыла.

1) мамлекеттик башкаруу азчылыктын көпчүлүккө баш ийүүсү принцибинин негизинде ишке ашырылат; 2) адамдын жана жарандардын укуктары жана эркиндиктери урматталат; 3) өзгөчө пикирлерге каршы күрөшүлөт; 4) социалдык-саясий бирикмелер көп болот; 5) бийликтин ыйгарым укуктары бөлүнөт; 6) оппозиция жок кылынат.

| Жообу: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | |

## 2-суроолор базасы

1. (К-4 балл) Төмөндө 14 жаштан 18 жашка чейин болгон эрезеге жете элек адамдардын ата-энелеринин **жазма ыраазычылыгысыз** өз алдынча ишке ашырууга укуктуу болгон аракеттери берилген. Алардын ичинен ашыкча экөөсүн тапкыла.

1) өзүнүн эмгек акысын, стипендия жана башка кирешелерин башкаруу; 2) кыймылсыз мүлктү белекке берүү; 3) авторлук укуктарын ишке ашыруу; 4) мыйзамга ылайык, банктарга аманат коюу жана аларды башкаруу; 5) майда чарбалык келишимдерди түзүү; 6) банктан кредит алуу.

| Жообу: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | |

2.(К-4 бал) Төмөндө 6 жаштан 14 жашка чейинки болгон кенже курактагы балдар **өз алдынча** түзүүгө укуктуу болгон келишимдер берилген. Бул келишимдердеги каталарды тапкыла.

1) майда чарбалык келишимдер; 2) акысыз кызыкчылык алууга каратылган, нотариалдык тастыктоону же мамлекеттик тизмеден каттоону талап кылбай турган келишимдер; 3) өзүнүн эмгек акысын, стипендия жана башка кирешелерин башкаруу боюнча түзүлгөн келишимдер; 4) мыйзамдуу өкүл же анын ыраазычылыгы менен үчүнчү жак тарабынан белгилүү бир максат же эркин башкаруу үчүн берилген каражаттарды башкаруу боюнча келишимдер; 5) мыйзамга ылайык, банктарга аманат коюу жана аларды башкаруу үчүн түзүлгөн келишимдер.

| Жообу: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | |

3. (К-4 балл) Төмөндө берилген кылмыштардын кайсыларына 14 жаштан баштап жоопкерчилик белгиленген эмес.
1) кастык менен адам өлтүрүү; 2) кастык менен денеге оор жаракат жеткирүү; 3) адам уурдоо; 4) алдамчылык; 5) талап-тоноо; 6) этиятсыздыктын айынан адам өлтүрүү.

| Жообу: | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | |

4. (К-4 балл) Төмөндө он сегиз жашка толо элек кылмыш жасаган адамдарга дайындалуучу жаза түрлөрү берилген. Бул жазалардагы каталарды тапкыла.
1) айып пулу; 2) милдеттүү жамааттык иштер; 3) белгилүү бир укуктан ажыратуу; 4) ахлактык түзөтүү иштери; 5) азаттыкты чектөө; 6) узак мөөнөткө азаттыктан ажыратуу; 7) азаттыктан ажыратуу.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К-4 балл) Төмөндө үй-бүлөлүк мыйзамдуулукта эрезеге жетпегендердин укуктарына тиешелүү маалыматтар берилген. Алардын ичинен эки катасын тапкыла.
1) ар бир бала үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу укугуна ээ; 2) баланын укугу жана мыйзамдуу кызыкчылыктары анын ата-энеси, ата-энеси жок болсо, ата-эненин ордун басуучулар, камкордук жана демөөрчүлүк мекемелери тарабынан ишке ашырылат; 3) баланын аты жана фамилиясы ата-энесинин биргеликтеги арызына ылайык, бала 18 жашка толгонго чейин баланын кызыкчылыктарын эске алуу менен өзгөртүрүлүшү мүмкүн; 4) балага ат ата-энесинин келишимине ылайык, ата-аты – атасынын атына карай берилет; 5) ата-эне тирүү кезинде балдар алардын мал-мүлкүнө карата мүлк ээси болуу укугуна ээ.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

## 3-суроолор базасы

1.(К-4 балл) Социалдык тармактарда А.нын уруксатысыз жеке жашоосу жана үй-бүлөлүк мамилелерине тиешелүү маалыматтар жана сүрөттөрү кесиптеши тарабынан таратылды. Натыйжада А.нын аброюна шек келтирилди.
Бул жагдайда А.нын кандай конституциялык укук жана эркиндиктерине зыян жеткирилгендигин аныктагыла.
1) жеке укуктары
2) экономикалык укуктары
3) саясий укуктары
4) маданий укуктары
Жообу: ___________

2.(К-4 балл) Жаран Т. мыйзамдуу түрдө Өзбекстан Республикасынын аймагында жашап келет. Ал ишмердүүлүгү себептүү башка облуска көчүп өтмөкчү, бирок жергиликтүү органдар эч кандай мыйзамдуу негиздерсиз ага тоскоолдук кылып жатышат.

Бул жагдайда жаран Т.нын бузулган конституциялык укук жана эркиндиктерин аныктагыла.

1) социалдык-экономикалык укугу
2) саясий укугу
3) эмгек кылуу укугу
4) жеке укугу

Жообу: ___________

3.(К- 4 балл) Тоолуу аймакта жашаган Ф. интернет тармагынан пайдалана албагандыгы себептүү онлайн билим алуу жана мамлекеттик кызматтардан пайдаланууда кыйынчылыкка туш келди.

Бул жагдайда жаран Ф.нын кандай конституциялык укук жана эркиндиктерине зыян жеткендигин аныктагыла.

1) жеке укугу
2) экономикалык укугу
3) саясий укугу
4) маданий укугу

Жообу: ___________

4.(К- 4 балл) Жаран Б. мамлекеттик органдагы бош жумуш орду үчүн документ тапшырды. Ал бардык талап жана критерийлерге жооп берген болсо да, анын арызы социалдык келип чыгышы себептүү кабыл алынбады.

Бул жагдайда Б.нын кандай конституциялык укугу бузулган?

1) жеке укугу
2) экономикалык укугу
3) саясий укугу
4) маданий укугу

Жообу: ___________

5.(К- 4 балл) Жашыл чөлкөм айылында жашоочу жарандар ичимдик суусу менен байланыштуу маселелерди чечүү максатында махалла жарандар жыйыны жыйынына биргеликте жазма кайрылышты. Бирок айыл өкмөтүнүн жетекчиси бул маселене анын ыйгарым укугуна кирбестигин белгилеп, кайрылууну кабыл алуудан баш тартты.

1) жеке укуктары
2) экономикалык укуктары
3) саясий укуктары
4) маданий укуктары

Жообу: __________

**4-суроолор базасы**

1. (К-4 балл) Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктери ортосундагы шайкештикти аныктагыла: биринчи мамычада берилген укуктар менен экинчи мамычадагы укуктарды түрүнө карай дал келтиргиле. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

| | |
|---|---|
| 1) ой-жүгүртүү, сөз жана ишеним эркиндиги;<br><br>2) эмгектенүү укугу. | a) жашоо укугу;<br>b) адамдардын укуктары, эркиндиктери, аброю жана кадыр-баркын урматтоо;<br>c) мамлекеттик кызматка киришүүдө тең укуктуулук;<br>d) кесиптик даярдыгын ашыруу;<br>e) юридикалык жардам алуу укугу;<br>f) ишсиздиктен коргоо. |

Жообу:

| 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

2. (К-4 балл) Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктери ортосундагы шайкештикти аныктагыла: биринчи мамычада берилген укуктар менен экинчи мамычадагы укуктарды түрүнө карай дал келтиргиле. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмүкүн.

| | |
|---|---|
| 1) эркиндик жана жеке кол тийгистик укугу;<br><br>2) саясий партияларга мүчө болуу. | a) коомдук бирикмелерге мүчө болуу;<br>b) айыпсыздык презумпиясы;<br>c) маалыматты издөө, алуу жана таратуу укугу;<br>d) коомдук жана мамлекеттик иштерди башкарууда катышуу;<br>e) эмгектенүү укугу;<br>f) үй-жайлуу болуу укугу. |

Жообу:

| 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

3. (К-4 балл) Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктери ортосундагы шайкештикти аныктагыла: биринчи мамычада берилген укуктар менен экинчи мамычадагы укуктарды түрүнө карай дал келтиргиле. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмүкүн.

| | |
|---|---|
| 1) жеке укук жана эркиндиктер;<br><br>2) саясий укуктар. | a) жаран прокуратура органына арыз менен кайрылды;<br>b) жаран партияга мүчө болду;<br>c) кызматкерлер ыктыярдуу түрдө медициналык кароодон өтүштү;<br>d) айыпталуучу котормочу жардамынан пайдаланды;<br>e) жаран акчаларын банкка пайыз менен аманат койду;<br>f) кылмышкер ырайым кылуу өтүнүчүн жазды |

Жообу:

| 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

4. (К-4 балл) Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктери ортосундагы шайкештикти аныктагыла: биринчи мамычада берилген укуктар менен экинчи мамычадагы укуктарды түрүнө карай дал келтиргиле. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

| | |
|---|---|
| 1) жеке укук жана эркиндиктерибиз;<br><br>2) Конституциялык милдеттерибиз. | a) мен мал-мүлк салыгын үч күндүн ичинде төлөө жөнүндө кулактандыруу катын алдым;<br>b) мен тергөө жараянында унчукпоо укугунан пайдаландым;<br>c) карындашым эмгек өргүүсүндө дарылануу үчүн ооруканага жатты;<br>d) мен ишеним эркиндигине ээмин;<br>e) апам Ичан кала музейине барганда, ал жердеги нерселерге аяр мамиледе болду. |

Жообу:

| 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

5. (К-4 балл) Жарандардын Конституциялык укук жана эркиндиктери ортосундагы шайкештикти аныктагыла: биринчи мамычада берилген укуктар менен экинчи мамычадагы укуктарды түрүнө карай дал келтиргиле. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

| | |
|---|---|
| 1) экономикалык, социалдык, маданий жана экологиялык укуктарыбыз;<br><br>2) Конституциялык милдеттерибиз. | a) бул жылы мен пенсияга чыгамын;<br>b) калк үчүн акысыз медициналык кароолор уюштурулду;<br>c) асукердик кызматты өтөөгө кетип жатамын;<br>d) профсоюз тарабынан өткөрүлгөн чогулушта бардык кызматкерлер катышышты;<br>e) мен сотто адвокат коргоосунан пайдаландым;<br>f) айыл тургундары таштандыларды белгиленге жайга таштащат. |

Жообу:

| 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

**5-суроолор базасы**

1. (Б-4 балл) Нике түшүнүгүнө туура берилген аныктаманы тапкыла.
1) эркек жана аялдын жалпы тиричилик астында бирге жашашы
2) эркек жана аялдын жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында түзүлүүчү, өз ара урмат, сүйүү жана ишенимге негизделген ыктыярдуу келишими
3) нике эки жаштын он сегиз жашка толушу менен өз ыраазычылыгы жана тең укуктуулугунун негизинде жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында түзүлүүчү келишими
4) эркек жана аялдын өз ара тууганчылык мамилелерин жолго коюу үчүн түзүлгөн келишим
Жообу: __________

2. (Б-4 балл) Никеге туруучуларды медициналык кароодон өткөрүүнүн максатын аныктагыла.
1) дени сак үй-бүлөнү калыптандыруу үчүн шарт жаратуу, аз кандуулук менен байланыштуу жана майып балдар төрөлүшүнүн алдын алуу
2) никеге туруучулардын психикалык абалына тиешелүү маалыматтарды жана жаштыгынан кандай оорулар менен ооруган абалын аныктоо
3) дени сак үй-бүлөнү түзүү үчүн шарттарды жаратуу, тукум куума жана тубаса оорулар менен балдардын төрөлүшүнүн алдын алуу
4) никеге туруучулардын ден соолугуна тиешелүү болгон маалыматтарды жана социалдык абалын аныктоо.
Жообу: __________

3.( Б-4 балл) Никеге туруучуларга медициналык кароодон өтүү үчүн жолдонмо берүүчү органды аныктагыла.

1) саламаттыкты сактоо министрлиги
2) райондук саламаттыкты сактоо бөлүмдөрү
3) мамлекеттик кызматтардын агенттиги
4) ЖААК (жарандык абал актыларын каттоо) органы
Жообу: __________

4. (Б-4 балл) Төмөнкүлөрдөн нике түзүүнүн негизги шарттарынын бири катары туура көрсөтүлгөн жоопту аныктагыла.
1) нике эркек жана аялдын ыктыярдуу ыраазычылыгынын негизинде түзүлүшү
2) нике ата-эненин ыраазычылыгынын негизинде түзүлүшү
3) нике Жарандык абалдын актыларын каттоо мекемелеринде арыз берген күндөн тарта түзүлүшү
4) нике эркек жана аялдын диний салтанаттардан кийин түзүлүшү
Жообу: __________

5.( Б-4 балл) Нике түзүүгө тоскоолдук кылуучу абалдар туура эмес берилген жоопту аныктагыла.
1) жок дегенде бирөөсү башка катталган никеде турган болсо
2) жок дегенде бирөөсү илгери кастык менен жасалган кылмышы үчүн соттолгон болсо
3) жок дегенде бирөөсүнүн психикасынын бузулушу себептүү сот тарабынан мамилеге жараксыз деп табылган болсо
4) теги боюнча туура туташкан туугандардын ортосунда, бир тууган жана өгөй ага-инилер менен эже-сиңдилердин ортосунда, перзенттикке алгандар болсо.
Жообу: __________

## 6-суроолор базасы

1.(К-4 балл) Төмөнкү жайгдайда үй-бүлөдөгү кайсы укук жана милдеттенмелер бузулуп жатат?

| | |
|---|---|
| Дилшат жана Махира никеден өткөн. Махира иштеп жаткандыктан үй иштерин аткарууга бир аз үлгүрбөй жатат. Дилшат болсо Махирага иштөөгө тыюу салмакчы, анткени ал үй бүлөнү эркек гана камсыздашы, аял болсо бала тарбиясы менен алек болушу керек деп эсептейт. Махира болсо буга ыраазы эмес. | a) эрдин үй-бүлө башчысы болуу укугу;<br>b) аялдын эмгек ишмердүүлүгү менен алектенүү укугу;<br>c) эрдин материалдык жактан камсыздоо укугу;<br>d) аялдын үй иштерин аткаруу милдеттенмеси;<br>e) жубайлардын үй-бүлөдөгү мамилелерди өз ара жардамдын негизинде куруу милдеттенмеси, |

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| Балл: |
|---|

2. (К-4 балл) Төмөнкү жагдайдын туура чечимин тандагыла.

| | |
|---|---|
| Жубайлардын ортосунда узак убакыт бою келишпестиктер болуп, эр перзенттери жана аялынан бөлөк жашап жатат. Жарашууга каратылган чаралардан оң натыйжа чыкпаган. Бул абал учурда сот тарабынан каралууда. | a) эгер сот жубайлардын мындан ары биргеликте жашоого жана үй-бүлөнү сактап калууга мүмкүнчүлүк жок деп тапса, аларды никеден ажыратат;<br>b) сот перзенттер бар экендигин эске алып, жарашуу үчүн бир жыл мөөнөт берет;<br>c) сот жубайларга жарашуу үчүн алты ай мөөнөт дайындап, алардын ар биринин жашаган жериндеги район акими алкагындагы жараштыруу комиссиясын жубайларды жараштыруу боюнча тиешелүү чаралар көрүү үчүн кабардар кылат;<br>d) сот иштин каралышын кийинкиге калтырып, жубайларга жарашуу үчүн алты айга чейин мөөнөт дайындайт. |

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К-4 балл) Төмөнкү жагдайга ылайыктуу жоопторду тандагыла.

| | |
|---|---|
| Жубайлар Азамат жана Дилназа беш жыл бою никеде болушкан. Учурда алар ЖААК органы аркылуу ажыралуу жараянынан өтүп жатышат. | a) аял никеден ажырашууга ыраазы болсо жана эрезеге жетпеген балдары болбосо, ЖААК органында ажыратылат;<br>b) эгер жубайлардын эрезеге жетпеген балдары болбосо, ЖААК органында ажыратылат;<br>c) эгер жубайлардын ортосунда мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес чырлар жана он алты жашка чейинки перзенттери болбосо, ЖААК органында ажыратылат;<br>d) жубайлар никеден ажырашууга өз ара ыраазы болушса жана ортодо мүлктүк чырлар болбосо, нике ЖААК органында ажыратылат |

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К-4 балл) Төмөнкү жагдайда никени түзүүгө тоскоолдук кылуучу абалдарды аныктагыла.

| | |
|---|---|
| Шахрияр менен Нилуфар никеден өтүү максатында ЖААК органына арыз тапшырышкан. Арыз көрүп чыгылганда, нике түзүүгө тоскоолдок кылуучу абалдар аныкталган. | а) Шахрияр мурда мыйзамдуу никеде турган жана ал азырынча расмий түрдө бекер кылынган эмес;<br>b) Шахрияр менен Нилуфардын ортосунда диний салтанаттарга ылайык нике орнотулган;<br>с) Нилуфар катуу ооруп жатат.;<br>d) Шахрияр менен Нилуфар өгөй ага-карындаш;<br>д) Шахриярдын 8 айлык перзенти бар. |

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5.(К-4 балл) Төмөнкү жагдайга дал келген жоопторду тандагыла.

| | |
|---|---|
| Жубайлар Азамат менен Надира сотто ажырашуу жараянынан өтүп жатышат. Алардын беш кызы бар. Сот өз ыйгарым укуктарынын негизинде бул иш боюнча бир катар маселелерди чечкен. | а) жубайлардын ортосундагы жеке материалдык маселелерди;<br>b) эрезеге жетпеген балдар ким менен жашашын;<br>с) балдарга ата-эне тарабынан камкордук берилиши жана мүлктүк маселелер;<br>d) тойду өткөрүүгө сарпталган каражаттар;<br>е) жакын туугандардын никесин бекер кылууну кабыл алууну. |

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

## 7-суроолор базасы

1. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктаманы окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла. «Адамдын белгилүү муктаждыктарын камсыздай турган жана анын ээси болушу мүмкүн болгон бардык материалдык нерселер».

а) ресурстар
b) кызматтар
с) ийки заттар
d) мүлк

Жообу:_____________

2.( Б-4 балл) Төмөнкү аныктаманы окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла.

«Кайсы бир адамга ээлик кылуу менен тиешелүү болгон буюмдар».

a) ресурстар
b) мал-мүлк
c) материалдык нерселер
d) байлык
Жообу: ________

3. (Б-4 балл) Жарандардын ортосунда карыз келишими, эгерде бул карыздын суммасы базалык эсептөө өлчөмүнүн канча эсесинен ашыкча болсо, жөнөкөй жазма түрдө түзүлүшү керектигин аныктагыла.
a) базалык эсептөө өлчөмүнүн 10 эсесинен
b) базалык эсептөө өлчөмүнүн 5 эсесинен
c) базалык эсептөө өлчөмүнүн 3 эсесинен
d) базалык эсептөө өлчөмүнүн 7 эсесинен
Жообу:________

4. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктамага ылайыктуу мүлк түрүн аныктагыла:
*«Жергиликтүү мамлекеттик органдардын мал-мүлкү, өзүнүн жергиликтүү бюджеттик каражаттары, үй-жай, ошондой эле, мектеп, бала бакчасы, театр, китепкана, оорукана, поликлиникалар да ушул түргө кирет».*
a) мамлекеттик мүлк
b) жеке менчик мүлк
c) муниципалдык мүлк
d) жалпы мүлк
Жообу: _______

5. (Б-4 балл) Төмөнкү чекиттердин ордуна дал келген келишим түрүн тапкыла.
*«... жалпы пайдалуу максаттарда жарандарга, даарылануу, тарбия, социалдык коргоо мекемелерине, маданият мекемелерине, коомдук бирикмелер жана диний уюмдарга, ошондой эле, мамлекетке жана башка жарандык укугу субьекттерине кылынат жана аны кабыл алууда кимдир бирөөнүн уруксаты же ыраазычылыгы талап кылынбайт».*
a) насыя
b) кайрымдуулук
c) белек
d) мурас
Жообу: _______

## 8-суроолор базасы

1.(К-4-балл)  Жагдайга берилген жарандык укуктук мамилелерди талдагыла жана аларды топторго ажыраткыла. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

М. искусттвого кызыгат жана өзүнүн сүрөтчүлүк чыгармаларын даярдап, жергиликтүү галереяга көрсөтмөкчү болду. М. өз иштерин сатуу аркылуу акча табууну пландаштырды. Галареянын жетекчиси М.нын сунушун кабыл алды. М. көргөзмөдөн бир топ акча иштеп алды.

**А) Субъекти;                B) Объекти.**

1) М. аттуу адам; 2) акча; 3) сатып алуу жараяны; 4) өз чыгармачылыгы менен катышуу; 5) галареянын жетекчиси; 6) ата-эне; 7) сүрөтчүлүк чыгармалары; 8) акча табууну пландаштыруу.

Жообу:

| A | | B | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

2. (К-4-балл) Жагдайга берилген жарандык укуктук мамилелерди талдагыла жана аларды топторго ажыраткыла. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

Жасур жеке пайдалануу үчүн компьютер сатып алуу максатында “TechnoPlus” дүкөнү менен келишим түздү. Келишимге ылайык, дүкөн Жасурга белгиленген мөөнөттө жана толук комплектацияда компьютер жеткирип бериши, ошондой эле, ага кепилдик талону жана пайдалануу боюнча көрсөтмөнү бериши керек эле. Жасурдун болсо компьютер үчүн төлөмдү эки баскычта – алдын ала төлөм жана товарды кабыл алып алгандан кийин жыйынтыктоочу төлөмдү ишке ашыруу милдеттенмеси белгиленди.

**А) Субъекти; В) Объекти.**

1) Жасур — кардар; 2) коомпьютер; 3) Жасурдун товардын сапатын текшерүү укугу; 4) дүкөндүн компьютерди белгиленген мөөнөттө, толук комплектацияда тапшыруу милдеттенмеси; 5) акча; 6) дүкөндүн белгиленген төлөмдү талап кылуу укугу; 7) “TechnoPlus” дүкөнү.

Жообу:

| A | | B | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

3. (К-4-балл) Жагдайга берилген жарандык укуктук мамилелерди талдагыла жана аларды топторго ажыраткыла. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

Сардар онлайн дүкөндөн мобилдик телефон сатып алды. Телефонду колуна алгандан кийин, ал курулманын экраны иштебестигин билди. Сардар дароо дүкөн менен байланышып, телефонду алмаштырып беришин же акчасын кайтарышын талап кылды. Онлайн дүкөндүн сатуучусу Сардардын талабын четке какты.

**А) Кардардын укугу; В) Сатуучунун милдеттенмеси.**

1) жеткирилген зыянды каптап берүүнү талап кылуу; 2) телефон сатып алуу; 3) жеткирилген зыянды каптап берүү; 4) кардардын укуктарын чектөө; 5) телефонду алмаштырып берүү же акчасын кайтаруу; 6) сатуучу жана товарды социалдык тармактарда жамандоо; 7) кардардын арызын четке кагуу.

Жообу:

| A | | B | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

4. (К-4 балл) Самандар чакан бизнес катары спорт жабдыктарын сатууну баштады. Ал кардарларга бардык товарларды «100% сапаттуу жана 3 жыл кепилденген» деп реклама кылды. Бир кардар сатып алган велотренажор 1 жыл иштегенден кийин иштен чыкты. Самандар кардарга «Сиз туура эмес иштеткенсиз, кепилдик мөөнөтү өтүп кетти» деп, оңдоп берүүдөн баш тартты. Самандардын юридикалык милдеттенмелерин (А) жана кардардын субъективдүү укуктарын (В) топко ажыраткыла. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.
1) “100% сапаттуу жана 3 жылга кепилденген» рекламасы;
2) сапаттуу товарларды кардарларга жеткирип берүү;
3) велотренажорду оңдоо же алмаштырышын талап кылуу;
4) велотренажорду этияттык менен иштетүү;
5) велотренажорду оңдоп берүү же алмаштыруу;
6) сапаттуу велотренажорду сатып алуу.

Жообу:

| A | | B | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

5. (К-4-балл) Жагдайга берилген жарандык укуктук мамилелерди талдагыла жана аларды топторго ажыраткыла. Ар бирине бир нече жооп туура келиши мүмкүн.

Нилуфар эски ноутбукту Санжарга сатты. Алар келишимди жазма түзбөстөн, жөн гана оозеки келишишти. Бир нече апта өтүп, Санжар ноутбуктун бузулганын аныктады жана башкасына алмаштырып беришин талап кылды. Нилуфар болсо, ноутбукту кайтарып алуудан баш тартты.

**А) Субъекти; В) Санжардын субъективдүү укугу.**

1) Нилуфар; 2) ноутбук сатып алуу; 3) Санжар; 4) бүт товарды берүү; 5) ноутбук; 6) кайтарып алуу же алмаштырып берүүнү талап кылуу.

Жообу:

| A | | B | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Балл: | | | |

**9-суроолор базасы**

1.(Б- 4 балл) Төмөнкү аныктамаларды окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла.

«____________ тынчтык жана кызматташтыкты камсыздоо максатында эл аралык мамилелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдер, адат нормалары жана жалпы таанылган принциптердин жыйнагы».

1) эл аралык коомчулук
2) эл аралык укук
3) эл аралык тартип-эреже
4) эл аралык эреже

Жообу:_________

2. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктамаларды окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла.

«____________ – дүйнөдөгү мамлекеттер жана аларда жашаган адамдардын адамзат алдында турган глобалдык көйгөйлөрдү кызматташтыкта чечүүдө, жалпы максат жолунда иш жүргүзүү биримдигин түшүндүргөн түшүнүк. Ал бардык мамлекеттердин суверен теңдиги, аймактарынын кол тийгистиги сыяктуу эл аралык укуктук принциптерге негизделет. Унутпагыла, ал эл аралык уюм эмес».

1) эл аралык коомчулук
2) эл аралык келишим
3) эл аралык тартип-эреже
4) эл аралык адат

Жообу:_________

3. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктамаларды окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла.

«Анда дүйнө картасы жана аны курчап турган эки зайтун бутагы сүрөттөлгөн. Зайтун бутасы тынчтыктын символу. Дүйнөлүк картада болсо уюм дүйнөдө тынчтык орнотуу жолунда экенин туюндурат».

1) ШКУ герби
2) ЮНИСЕФ белгиси
3) ЮНЕСКО логотипи
4) БУУ желеги

Жообу:_________

4. (В-4 Балл) Бала укуктары жөнүндөгү Конвенцияга ылайык, бала кайсы түркүмдөгү укуктардын негизинде өз пикирин эркин билдирүү, дин жана ишеним эркиндигинен, ошондой эле, ассоциация жана тынч жыйналуу укугунан пайдаланышы мүмкүн?

1) жашоо укугу
2) катышуу укугу

3) өсүп-өнүгүү укугу
4) коргоо укугу
Жообу: __________

5. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктамаларды окугула, сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгын аныктагыла.
«__________________ - ал Башкы ассамблея жана Коопсуздук кеңеши тарабынан шайланган 15 мүчөдөн турат жана туруктуу ишмердүүлүк жүргүзөт».
1) БУУнун Камкордук Кеңеши
2) БУУнун Экономикалык жана Социалдык Кеңеши
3) БУУнун Эл аралык Соту
4) БУУнун Катчылыгы
Жообу: _________

**10-суроолор базасы**

1. (К- 4 балл) Эки мамлекет суу ресурстарынан биргеликте пайдалануу боюнча келишимге кол койду. Келишимге ылайык, суудан пайдалануу нормалары катуу белгиленген эле. Бирок жактардын бири келишим шарттарына каршы түрдө суудан бир жактуу көбүрөөк пайдалана баштады жана бул башка мамлекеттин экономикасына зыян жеткирди. Бул жагдайда кайсы эл аралык укуктук принциптер бузулган? (2 жоопту тандагыла)
1) мамлекеттердин укуктук кол тийгистиги принциби
2) мамлекеттер ортосунда кызматташтык принциби
3) эл аралык келишимдерге туруктуулук принциби
4) күч менен коркутпастык принциби

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жообу: | | | | | | | | |
| Балл: | | | | | | | | |

2. (К- 4 балл) Эки кошуна мамлекет ортосунда жүзөгө келген куралдуу чатак аймактык жана эл аралык тынчтыкка олуттуу коопт жаратты. Чатактын башка мамлекеттердин коопсуздугуна да терс таасири себептүү Бириккен Улуттардын Уюму чатакты чечүү жана тынчтыкты сактоо боюнча чаралар көрө баштады. Бириккен Улуттар Уюмунун кайсы органдары бул милдетти ишке ашырышын аныктагыла. (2 жоопту тандагыла)
1) Коопсуздук Кеңеши
2) Экономикалык жана Социалдык Кеңеш
3) Камкордук Кеңеши
4) Эл аралык Сот

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жообу: | | | | | | | | |
| Балл: | | | | | | | | |

3. (К- 4 балл) Бир мамлекет эл аралык конвенцияга кошулган болсо да, анда белгиленген милдеттенмелерди тартип менен аткарбай жатат. Натыйжада айлана-чөйрөгө жеткирилип жаткан зыян трансчек аралык түс алды жана башка мамлекеттердин кызыкчылыктарына да таасир көрсөттү. Ошол себептүү Бириккен Улуттардын Уюму бул мамлекетке карата эл аралык укуктук таасир механизмдерин ишке салуу маселесин көрүп чыкты. Бул жагдайда БУУ тарабынан колдонулушу мүмкүн болгон чараларды аныктагыла. (2 жоопту тандагыла)

1) мамлекет менен расмий сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана милдеттенмелерди аткарууга чакыруучу резолюциялар кабыл алуу

2) Коопсуздук Кеңешинин чечимдеринин негизинде экономикалык же саясий чектөөлөр (санкциялар) жарыялоо

3) БУУ органдары тарабынан бул мамлекеттин ички экологиялык мыйзамдуулугун түздөн-түз өзгөртүү

4) экологиялык милдеттенмелер бузулгандыгы себептүү бул мамлекет жарандарынын негизги укук жана эркиндиктерин эл аралык даражада убактылуу чектөө

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К- 4 балл) Эки мамлекеттин ортосунда соода-сатык кызматташтыгы жөнүндө эл аралык келишим түзүлгөн. Келишим күчкө киргенине карабастан, жактардын бир анда көздөлгөн милдеттенмелерди аткарбады. Натыйжада жактардын ортосунда келишпестиктер жүзөгө келди жана маселени эл аралык даражада чечүү маселеси пайда болду. Бул маселени чечүү үчүн кайсы укуктук механизмдер колдонулушу мүмкүн? (2 жоопту тандагыла)

1) жактар ортосунда дипломатиялык сүйлөшүүлөр жана кеңешүүлөрдү өткөрүү

2) жактар ортосунда келишимге жетишүү үчүн медитация механизминен пайдалануу

3) чырды жактардан биринин улуттук сот органдары аркылуу көрүп чыгуу

4) мамлекеттердин ортосундагы келишимдин негизинде эл аралык арбитаж механизминен пайдалануу

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К- 4 балл) А. мамлекет кошуна мамлекетке түздөн-түз аскердик чабуул уюштурду. Бул кыймыл аймактык туруктуулукка олуттуу кооп жаратты жана башка мамлекеттердин коопсуздугуна терс таасирин көрсөттү. Ошол себептүү Бириккен Улуттар Уюму алкагында эл аралык коомчулук биргеликте чаралар көрүүнү чечти. Натыйжада А. мамлекетине экономикалык жана саясий санкциялар киргизилди жана ал эл аралык коомчулук тарабынан жалгыздатып

коюлду. А. мамлекетине санкциялар кайсы эл аралык укуктук принциптердин негизинде колдонулду? (2 жоопту тандагыла)
1) эл аралык келишимдердин милдеттүүлүгү принциби
2) күч колдонбостук принциби
3) дипломатиялык кол тийгистик
4) жамааттык коопсуздук эрежеси

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

**11-суроолор базасы**

1. (К- 4 балл) Эмгек укугу менен байланыштуу **туура** берилген маалыматтарды аныктагыла.
1) эмгек шарттарын камсыздоо дегенде иш берүүчү жана кызматкерлер үчүн коопсуз жана ыңгайлуу эмгек шарттарын жаратып берүүгө тиешелүү мамилелер түшүнүлөт
2) негизги мыйзамда Эмгек министрлиги жарандарды иш менен камсыздоо, аларды ишсиздиктен коргоо, ошондой эле, кембагалдыкты кыскартуу чараларын көрүү белгиленген
3) кызматкердин укуктук абалын жамандаштырууга жол бербөө эмгекке тиешелүү укуктук мамилелердин негизги принциптеринин бири
4) эгер адам ишсиз калса, мамлекет ага үзгүлтүксүз материалдык жардам көрсөтөт

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

2.( К- 4 балл) Эмгек укугу менен байланыштуу **туура эмес** берилген маалыматтарды аныктагыла.
1) мамлекет ишсиз жарандарга бир канча кепилдиктерди белгилейт
2) мамлекет эмгекке акы төлөөнүн эң аз өлчөмүн белгилейт, иш берүүчүлөр өз кызматкерлерине бул суммадан аз эмгек акы бериши да мүмкүн
3) ишсиздик жөлөк пулунун өлчөмү ар түрдүү болушу мүмкүн
4) кесиптик көндүмдөр борбору жарандарды белгиленген төлөмдүн негизинде кесип-өнөргө үйрөтүү жана жумушка орношууда жардам берүүгө көмөктөшөт

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К- 4 балл) Кандай жагдайларда эмгек келишими чыныгы эмес деп табылышын аныктагыла:
1) кызматкердин абалын мыйзамдуулукка салыштырмалуу жамандаштырса
2) кеминде эки нускада түзүлгөн болсо
3) кызматкерди убактылуу башка жумушка өткөрүү белгиленген болсо

4) мажбурдук эмгек белгиленсе

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К- 4 балл) Ишканада эмгектенип жаткан 15-16 жаштуу кызматкерге тиешелүү эмгек мыйзамдуулугундагы туура маалыматтарды аныктагыла:
1) жумушка орношуп жатканда ата-энесинин макулдугу талап кылынат.
2) жумуш убактысы аптасына 36 сааттан ашпастыгы керек
3) араба же вагонетка менен жүк ташууга уруксат берилбейт
4) жумуш убактысы аптасына 24 сааттан ашпастыгы керек
5) жумуш убактысы аптасына 40 сааттан ашпастыгы керек

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К- 4 балл) Ар жылы эмгек өргүүсүн берүү менен байланыштуу туура маалыматтарды аныктагыла:
1) мыйзамдуулукка ылайык, ыңгайсыз табигый-климаттык шарттарда иштеп жаткан кызматкерлерге ар жылы негизги узартылган өргүү берилет
2) кызматкерге ал бир мекемеде же тармакта иштеген ар беш жыл үчүн узактыгы эки календар күн болгон, ар жылкы кошумча өргүү берилет
3) бардык кызматкерлер, анын ичинде, орундаштык негизинде иштеген кызматкерлер ар жылы эмгек өргүүсүнө чыгуу укугуна ээ
4) ар жылдык негизги эң аз же узартылган өргүү түрлөргө бөлүнөт

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

## 12-суроолор базасы

1. (К- 4 балл) «Зарафшан текстил» ишканасында тигүүчү болуп иштөөчү Д. аттуу кызматкерге иш берүүчү буюртмалар көбөйгөндүгүн негиз кылып, анын ыраазычылыгысыз эс алуу күнү 6 саат иштөө милдеттенмесин жүктөдү. Кошумча иш үчүн башка акы төлөнбөстүгү айтылды. Д. бул жагдайга каршылык билдирди.

Жагдайды укуктук жактан талдап, туура жыйынтыктарды аныктагыла.
1) кызматкерди эс алуу күнү ишке жалдоо бир гана анын ыраазычылыгы менен же мыйзамда белгиленген өз алдынча абалдарда мүмкүн
2) иш берүүчү иштеп чыгаруу муктаждыгы себептүү кызматкерди ар кандай убакытта ыраазычылыгысыз ишке жалдашы мүмкүн
3) эс алуу күнүндөгү иш үчүн жок дегенде бир жарым эсе акы же кошумча эс алуу күнү берилиши шарт
4) кошумча иш үчүн акы төлөнбөстүгү эмгек мыйзамдуулугуна каршы
5) кызматкердин каршылыгы эмгек тартибин бузуу саналат

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

2. (К- 4 балл) «Барака пласт» иштеп чыгаруу ишканасында оператор кызматында иштеген К. аттуу кызматкерге иш берүүчү иштеп чыгаруу планын аткарууну шылтоо кылып, кечки сменада кошумча иштөөнү, бирок кошумча акы төлөбөстүгүн билдирди. К. эмгек келишиминде иш убактысы анык белгиленгенин айтып, бул талапка ыраазы болгон жок. Жагдайды укуктук жактан талдап, К. менен түзүлгөн эмгек келишимде мыйзамдуу саналган пункттарды аныктагыла.

1) эмгек келишиминде К. нын эмгек ишмердүүлүгүн ишке ашыруучу жайы (ишкана жана бөлүм) көрсөтүлгөн

2) эмгек келишиминде иш берүүчү К. ны каалаган убакытта жана акы төлөбөстөн кошумча ишке жалдоо укугу берилген

3) эмгек келишиминде К. нын иш убактысы жана эс алуу убактысы так белгиленген

4) эмгек келишиминде К. нын ашар жана айрым убакыттарда милдеттүү көрктөндүрүү иштерине жалдоо көрсөтүлгөн

5) эмгек келишиминде К. нын ишкананын кызыкчылыктары жолунда убактылуу башка иштерди аткаруу мүмкүндүгү, бул иштер кызмат ордуна жакын болсо, өз алдынча акы төлөбөстүгү белгиленген

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К- 4 балл) З. аттуу адам эмгек келишиминин негизинде «Янги хаёт» фирмасында инженер кызматында эмгек ишмердүүлүгүн баштайт. Арадан бир канча ай өтүп, иш берүүчү эмгек акысын алдын ала кулактандырбастан азайтты. З. муну мыйзамсыз деп эсептеп, эмгек келишимине ылайык төлөм талап кылды.

З. менен түзүлгөн эмгек келишиминин кайсы пункттары туура эмес экендигин аныктагыла.

1) эмгек келишиминде З. нын белгилүү кесип, адистик боюнча иштеши белгиленген

2) эмгек келишиминде иш берүүчү каалаган убакытта З. нын эмгек акысын өзгөртүшү мүмкүндүгү белгиленген

3) эмгек келишиминде З. нын ишке кирүү датасы көрсөтүлгөн

4) эмгек келишиминде З. нын эмгегине акы төлөө шарттары белгиленген

5) эмгек келишиминде иш берүүчүнүн көрсөтмөсү менен З. нын акысыз иштеп берүү милдеттенмеси көрсөтүлгөн

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К- 4 балл) И. аттуу кош бойлуу аял «Нурли келажак» иштеп чыгаруу ишканасында эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Иш берүүчү иштеп чыгаруу планын аткаруу зарылдыгын негиз кылып, аны түнкү сменада иштөөгө жалдамакчы болду. И. болсо эмгек мыйзамдуулугунда кош бойлуу аялдар үчүн өзгөчө кепилдиктер бар экендигин айтып, бул талапка каршылык билдирди.

Жагдайга укуктук баа берип, кош бойлуу аялдарга карата эмгек мыйзамдуулугунда белгиленген мыйзамдуу кепилдиктерди аныктагыла.

1) кош бойлуу аялдарды түнкү иштерге жана ашыкча иштерге жалдоого тыюу салынат

2) иш берүүчү иштеп чыгаруу зарылчылыгы болсо, кош бойлуу аялды анын жазма ыраазычылыгы менен түнкү сменага жалдашы мүмкүн

3) кош бойлуу аял медициналык тыянактын негизинде жеңилирээк ишке өткөрүлүшү жана мында орточо эмгек акысы сакталып калышы кепилденет

4) кош бойлуу аял иш берүүчүнүн демилгеси менен ар кандай абалда иштен бошотулушу мүмкүн эмес

5) кош бойлуу аял ишкананын кызыкчылыктары жолунда убактылуу башка кошумча иштерди аткарышы мүмкүн, эгер бул иштер ден соолугуна зыян жеткирбесе

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К- 4 балл) 16 жаштагы К. аттуу кызматкер «Ширин дан» ишканасына ишке кабыл алынды. Иш берүүчү иштеп чыгаруу планын өз убагында аткаруу үчүн бардык кызматкерлерге кошумча иш жүктөмөсүн белгиледи. Бул тизмеде эрезеге жете элек К. да бар эле. Ал мындан нааразы болду.

Жагдайга укуктук баа берип, эрезеге жете элек кызматкерлерге карата эмгек мыйзамдуулугунда белгиленген кепилдиктерди аныктагыла.

1) эрезеге жете элек кызматкер иш берүүчүнүн демилгеси менен ар кандай абалда иштен бошотулушу мүмкүн эмес

2) иш берүүчү иштеп чыгаруу зарылчылыгы болсо, эрезеге жетпеген кызматкерди анын жазма ыраазычылыгы менен түнкү сменага жалдашы мүмкүн

3) эрезеге жете элек кызматкерге жеңилирээк иш берүү жана иш акы өлчөмүн сактап калуу кепилденет

4) эрезеге жете элек кызматкерлерди түнкү сменага жана ашыкча ишке жалдоого тыюу салынат

5) эрезеге жете элек кызматкер ишкананын кызыкчылыгы жолунда башка иштерди аткарышы мүмкүн, эгерде ал иштер ден соолугуна зыян жеткирбесе, башка акы төлөнбөстүгү мүмкүн

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

**13-суроолор базасы**

1. (Б-4 балл) Төмөнкү аныктама кайсы эмгек түшүнүгүнө тиешелүү?
«— мамлекеттик органдар жана жарандар же мекемелердин ортосунда жүзөгө келүүчү мамилелер болуп, алар административдик укук нормаларынын негизинде тартипке салынат».
1) Конституциялык-укуктук мамилелер
2) административдик укуктук мамилелер
3) жарандык укуктук мамилелер
4) мамлекеттик башкаруу принциптери
Жообу:___________

2. (Б-4 балл) Төмөнкүлөрдүн кайсы бири административдик укук менен тартипке салынуучу мамилелерге кирбейт?
1) автомашинаны мамлекеттик каттоодон өткөрүү
2) ишкердикти мамлекеттик каттоодон өткөрүү
3) мурасты бөлүштүрүү боюнча жарандардын ортосундагы келишим
4) жарандардын мамлекеттик органдарга кайрылуусу
Жообу:___________

3. (Б-4 балл) Бирдиктикүү интерактивдүү мамлекеттик кызматтар порталын жаратуудан (my.gov.uz) көздөлгөн негизги максатты аныктагыла:
1) мамлекеттик органдарында ички документ айлануусун тездетүү
2) мамлекеттик кызматтарды жеке кайрылуу аркылуу гана алууну сыймыктандыруу
3) мамлекеттик органдарда кызматкерлердин санын азайтуу
4) мамлекеттик кызматтардан тез жана ыңгайлуу пайдалануу
Жообу:__________

4. (Б-4 балл) Укуктук-тартибин сактоо, укук бузуучулуктарды аныктоо, жоюу, укук бузуучулуктарды жоюу себептерин жана шарттарын үйрөнүүгө каратылган иш-чаралардын системасы эмне деп аталат?
1) укук бузуучулуктардын профилактикасы
2) криминалистикалык экспертиза
3) укуктук тарбия
4) укуктук чара
Жообу:___________

5. (Б-4 балл) Укук бузуучулуктардын профилактикасын түздөн-түз ишке ашыруучу органдар жана мекемелердин негизги милдетин аныктагыла:
1) жарандардын социалдык турмуштагы ишмердүүлүгүн сыймыктандыруу
2) адамдардын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын корголушун камсыздоо

3) укук бузуучулуктарды жасаган адамдарга мыйзамда белгиленген жаза чараларын колдоо
4) коомдогу социалдык-саясий жана экономикалык ишмердүүлүктү көзөмөлдөө
Жообу:______

**14-суроолор базасы**

1. (К-4 балл) Төмөнкү аракеттерди көрүп чыгып, алардан кайсы бири **административдик** укук бузуучулук экенин аныктагыла:
1. Ишкер борбордук көчөгө уруксатсыз реклама жайгаштырды. 2. Жаран мектептин алдында уруксатсыз соода кылды. 3. Мансап ээси танышынан ишге жайгаштырууу үчүн акча алды. 4. Айдоочу кызыл чырактан токтобостон өтүп кетти. 5. Жаңы машина алган адам борбордук көчөдө ылдамдыкты ашырды. 6. Автомашинанын ылдамдыгын ашырып келе жаткан айдоочу адамды уруп жиберди жана ага жардам бербестен окуя жайынан качып кетти.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

2. (К-4 балл) Төмөнкү аракеттерди көрүп чыгып, алардан кайсы бири **административдик** укук бузуучулук экенин аныктагыла:
1. Окуучу классташынан ручка сурап, аны кайтарып берүүнү унутту. 2. Тарбиячы балдарды жамааттык жайда көзөмөлсүз калтырды. 3. Жаран базарда ызы-чуу салды. 4. Студент жамааттык транспортто тартипсиз аракет жасады. 5. Студент сабакка кечигип келди. 6. Айдоочу жүк машинасына жүктү белгиленген оордуктан ашыкча жүктөдү.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К-4 балл) Төмөнкү аракеттерди көрүп чыгып, алардан кайсы бири **административдик** укук бузуучулук экенин аныктагыла:
1. Айдоочу тыюу салынган жарытуучу курулмаларынан пайдаланды. 2. Жаран келишим шарттарын аткарбады. 3. Жаран жамааттык транспортто башкаларга орой мамиледе болду жана атайын жаңжал чыгарды. 4. Жашы улуулар үчүн ажыратылган орундукка жаш жаран отуруп, аларга орун бербеди. 5. Жаран жамааттык жайда спирттик ичимдик ичти. 6. Куруучу шаар куруучулук нормативдерин бузуп, курулуш иштерин жүргүздү.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К-4 балл) Төмөнкү аракеттерди көрүп чыгып, алардан кайсы бири **административдик** укук бузуучулук экенин аныктагыла:

1. Айдоочу жол кыймылы эрежелерин бузуп, жөө жүргүнчүлөр өтүү жайында токтободу. 2. Райондун акими жер ажыратып берүү максатында жарандан акча алды. 3. Жаран азык-түлүк дүкөнүндө тартипсиздик жаратты. 4. 10-класс окуучусу жамааттык транспорттон пайдалануу эрежелерине баш ийбеди. 5. Студент түнкү убакытта айыл көчөлөрүндө бийик үн менен ырдады. 6. Жаран кошунасынын үйүнө түнкү убакытта баскынчылык уюштурду.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К-4 балл) Төмөнкү аракеттерди көрүп чыгып, алардан кайсы бири **административдик** укук бузуучулук экенин аныктагыла:
1. Студент автобусда жүрүү үчүн атайын билет алган жок. 2. Жаран массалык иш-чараларда белгиленген тартипти бузду. 3. Жаран мамлекеттик орган кызматкеринин мыйзамдуу талабын аткарбады. 4. Окуучу этиятсыздык кылып классташынын дептерин жыртып койду. 5. 11-класс окуучусу жамааттык жайда майда бейбаштык кылды. 6. Кызматкер кесиптешинин кымбат баалуу телефонун уурдады.

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

## 15-суроолор базасы

1. (К-4 балл) Төмөнкү бөлүштүрүүлөрдөн кылмыштык жана административдик укук бузуучулуктарга тиешелүүлөрүн аныктап, дал келтиргиле.

**А) Кылмыштык ; В) Административдик укук бузуучулук.**

1. Мында жазалар салыштырмалуу оор формада болот, жаза негизинен сот тарбынан белгиленет.
2. Окууга кеч калуу же ишке кечигип келүү сыяктуу укук бузуучулуктар жасалат.
3. Жаза бир гана сот тарабынан эле эмес, ички иштер органдары же башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан берилет.
4. Негизинен келишим шарттарын аткарбоо, адамдарга материалдык жана руханий зыян жеткирүү түрүндө ишке ашырылат.

Жообу:

| А | В |
|---|---|
| | |
| Балл: | |

2. (К-4 балл) Төмөндө кылмыш процесси принциптерине тиешелүү бир катар эрежелер берилген. Бул эрежелерди кайсы принциптерге тиешелүү экендигине карап ажыраткыла.

**А) Айыпсыздык презумпиясы; В) Адамдын аброю жана кадыр-баркын урматтоо.**

1. Кылмыш ишин жүргүзүү үчүн жооптуу болгон бардык мамлекеттик органдар жана мансаптуу жактар кылмыш процессинде катышып жаткан жарандын укук жана эркиндиктерин коргошу шарт.
2. Сүрүштүрүүчү, тергөөчү, прокурор жана сот кылмыш жүз бергендигин, анын жасалышында ким айыптуулугун, ошондой эле, аны менен байланыштуу бардык абалдарды аныкташы шарт.
3. Адамдын кылмыш жасоодогу айыбы мыйзамда белгиленген тартипте далилденмейинче жана мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү менен аныкталмайынча, ал айыпсыз деп эсептелет.
4. Эч ким кыйноого, зомбулукка, ырайымсыз же адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын басмырлаган башка түрдөгү мамилеге же жазага дуушар кылынбашы керек.

| А | В |
|---|---|
| | |
| Балл: | |

3. (К-4 балл) Төмөндө кылмыштык жаза түрлөрүнө тиешелүү бир катар эрежелер берилген. Бул эрежелердин кайсы жаза түрүнө тиешелүү экенине карап ажыраткыла.

**А) Эркинен ажыратуу; В) Өмүр бою эркинен ажыратуу.**

1. Өзгөчө жаза чарасы болуп, кылмышкерди атайын тартиптүү жазаны аткаруу колониясына жайгаштыруу аркылуу коомдон мөөнөтсүз ажыратып коюу.
2. Сот тарабынан кылмыштууга карата үй-жайын ал же тигил себеп менен таштап кетүүгө толугу менен тыюу салуу.
3. Кылмышкерди коомдон ажыратып, жазаны аткаруу колониясы же түрмөгө жайгаштыруу.
4. Жыйырма жылдан ашуун, бирок жыйырма беш жылдан көп болбогон мөөнөткө белгиленет жана жоопкерликти оорлоштуруучу абалдарда гана кастык менен адам өлтүрүү жана терроризм үчүн дайындалышы мүмкүн.

Жообу:

| А | В |
|---|---|
| | |
| Балл: | |

4. (К-4 балл) Төмөндө кылмыштык жаза түрлөрүнө тишелүү бир катар эрежелер берилген. Бул эрежелерждин кайсы кайсы жаза түрүнө тиешелүү экендигине карай ажыраткыла.

**А) Ахлактык түзөтүү иштери; В) Административдик коомдук иштер.**

1.Айыптууну акы төлөнбөй турган пайдалуу жамааттык иштерди аткарууга милдеттүү түрдө жалдоо.
2. Бир айдан үч айга чейинки мөөнөткө дайындалат.
3. Бир жүз алтымыш сааттан төрт жүз жыйырма саатка чейин болгон мөөнөткө дайындалат.
4. Жарандын эмгек акысынын он пайызынан отуз пайызына чейинки өлчөмүн мамлекеттик киреше эсебине кармап калган абалда аны эмгекке милдеттүү жалдоо.
Жообу:

| A | B |
|---|---|
| | |
| Балл: | |

5. (К-4 балл) Төмөндө кылмыштык жаза түрлөрүнө тишелүү бир катар эрежелер берилген. Бул эрежелерждин кайсы кайсы жаза түрүнө тиешелүү экендигине карай ажыраткыла.
**А) Тынчтык жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар;**
**B) Өзбекстан Республикасына каршы кылмыштар.**
1. Диний экстремистик, сепаратистик, фундаменталистик же башка тыюу салынган уюмдар түзүү, аларга жетекчилик кылуу, аларда катышуу.
2. Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү же социалдык-саясий жагдайдын туруктуулугуна же экономикага зыян жеткирүү максатында адамдарды кырып жиберүү, алардын ден соолгуна, мүлкүнө зыян жеткирүү же аны жок кылууга каратылган аракеттер.
3. Ок атуучу куралдын, ок-дарылардын, ок атуучу куралдын негизги бөлүктөрүн, жарылуучу заттардын, жардыруу каражаттарынын же жардыруу курулмаларынын мыйзамга каршы мамилеси.
4. Бул калкка коркуу салуу же мамлекет саясатына таасир этүү максатында жардыруу, атышма же башка зомбулук аракеттерин жасоо болуп саналат.
Жообу:

| A | B |
|---|---|
| | |
| Балл: | |

## 16-суроолор базасы

1. (К- 4 балл) Түнкү убакытта А. көчөдө бычак менен дене жаракаты жеткирүү кылмышы болгон жайга жакын жерде кармалган. Жабыркоочу тез жардам машинасы аркылуу ооруканага алып кетилген. Күбөлөрдөн бири жаран А.ны кылмышкерге окшош адам катары көрсөткөн. А.га карата жеке тинтүү өткөрүлгөндө чөнтөгүнөн кан тактары бар кол арчы далил катары алынган.

Ошондой эле, өздүгүн тастыктоочу документ суралганда үйдө экендигин маалым кылган.

Жагдайды талдап, Өзбекстан Республикасынын Кылмыштык-процессуалдык мыйзамдуулугуна ылайык, А. ны кармап туруу кайсы негиздер боюнча мыйзамдуу болуп саналышын аныктагыла.

1) адам кылмыш үстүндө же түздөн-түз аны жасагандан кийин колго түшсө

2) кылмыштын күбөлөрү, анын ичинде, жабыркоочулар аны кылмыш жасаган адам катары түздөн-түз көрсөтүшсө

3) айыбын моюнга алып, тергөө органдарына өз каалоосу менен келсе

4) анын өзүндө же кийиминде, жанында же үйүндө жасалган кылмыштын издери табылса

негиз болуучу маалыматтар бар болуп, ал качмакчы болсо же туруктуу жашоочу жайы жок же өздүгү тастыкталбаган болсо

5) адамды кылмыш жасоодо күмөн кылуу үчүн негиз болуучу маалыматтар бар болуп, ал качмакчы болсо же туруктуу жашоочу жайы жок же өздүгү тастыкталбаган болсо

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жообу: | | | | | | | | | |
| Балл: | | | | | | | | | |

1. (К-4 балл) Райондор аралык жарандык сотунун судясы мурас иши боюнча доогердин пайдасына чечип берүүнү убада берди. Ал доогерден 2 миң АКШ доллары алып жатканда укук коргоо органдары тарабынан колго алында. Акча далил катары алынды.

Жагдайды талдап, Өзбекстан Республикасынын Кылмыштык-процессуалдык мыйзамдуулугуна ылайык, судяны кармап туруу кайсы негиздер боюнча мыйзамдуу болуп саналышын аныктагыла.

1) адам кылмыш үстүндө же түздөн-түз аны жасагандан кийин колго түшсө

2) кылмыштын күбөлөрү, анын ичинде, жабыркоочулар аны кылмыш жасаган адам катары түздөн-түз көрсөтүшсө

3) айыбын моюнга алып, тергөө органдарына өз каалоосу менен келсе

4) анын өзүндө же кийиминде, жанында же үйүндө жасалган кылмыштын издери табылса

негиз болуучу маалыматтар бар болуп, ал качмакчы болсо же туруктуу жашоочу жайы жок же өздүгү тастыкталбаган болсо

5) адамды кылмыш жасоодо күмөн кылуу үчүн негиз болуучу маалыматтар бар болуп, ал качмакчы болсо же туруктуу жашоочу жайы жок же өздүгү тастыкталбаган болсо

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жообу: | | | | | | | | | |
| Балл: | | | | | | | | | |

3. (К-4 балл) 2025-жыл 12-март күнү саат 18:45 те Юнусабад районундагы «Барака Маркен» дүкөнүндө уурулук болду. Бул кылмыш боюнча 35 жаштагы башка улутка таандык адам ички иштер бөлүмүнө алып келинди. Ал сүрүштүрүүчү тарабынан күмөн кылынуучу катары сурак кылынды. Бул сурак жараянында кылмыштык-процессуал мыйзамда белгиленген сурак өткөрүү тартибинин ырааттуулугундагы каталарды аныктагыла

1) күмөн кылынуучунун өздүгү такталып, иштин ага белгилүү болгон абалдары жөнүндө эркин сүйлөп берүүнү сунуштады

2) күмөн кылынуучунун кайсы тилде көрсөтмө бере алышы аныкталып, укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү.

3) күмөн кылынуучуга иш абалдары боюнча эркин сүйлөп берүү мүмкүнчүлүгү берилип, андан кийин ага кошумча суроолор берилди.

4) күмөн кылынуучунун өздүгү такталгандан кийин, ага укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү.

5) күмөн кылынуучунун укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү жана иштин ага белгилүү болгон абалдары жөнүндө эркин сүйлөп берүү сунушталды

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

4. (К-4 балл) 2026-жыл 6-январь күнү саат 17:45 те жумуштан кайтып жаткан жаран Т. ны белгисиз адам уруп, окуя жайынан жашырынды. Бул абалды көргөн жаран Б. дароо 102 ге телефон чалып, кылмыш жөнүндө кабар берди. Жаран Б. сүрүштүрүүчү тарабынан күбө катары сурак кылынды.

Бул сурак жараянында кылмыштык-процессуал мыйзамда белгиленген сурак өткөрүү тартибинин ырааттуулугундагы туура жоопторду аныктагыла.

1) күбөнүн ат-жөнү такталып, ага укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү

2) күбөгө укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү, андан кийин ага белгилүү болгон абалдар жөнүндө айтып берүү сунушталды

3) күбөнүн кайсы тилде көрсөтмө бере алышы аныкталып, укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлдү

4) күбөнүн укук жана милдеттенмелери түшүндүрүлгөндөн кийин аты-жөнү такталды.

5) күбөнүн аты-жөнү такталгандан кийин, ага белгилүү болгон абалдар жөнүндө айтып берүү сунушталды

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

5. (К-4 балл) «Имкон Курулуш Башкармасында» долбоордун жетекчиси Б.М. иш жараянында аткаруучудан долбоорду тезирээк расмийлештирүү үчүн пара алып жатканда укук коргоо органдары тарабынан кармалды.

Жагдайды талдагыла. Тергөөчүнүн кылмыштын курамын аныктоодогу каталарын аныктагыла.

1) кылмыштын объекти – тийиштүү мекеменин аброю, нормалдуу иш жүргүзүшү, жарандардын укук жана кызыкчылыгы

2) субъективдүү жагы – өз-өзүнө ишенүү аркылуу жасалган

3) объективдүү жактан – мансап ээсинин өз мансап укугунан пайдаланышы жарандардын укуктарына же мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарына олуттуу зыян жеткирилишинде көрүнүшү

4) кылмыштын субъекти –18 жашка толгон акыл-эстүү адам

5) субъективдүү жактан – түз кастык менен жасалган

6) объективдүү жактан – мансап ээсинин өзүнүн кызмат ордунан пайдаланган абалда кайсы бир ишти аткаруу ордуна материалдык баалуулуктар алышында көрүнүшү

| Жообу: | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Балл: | | | | | | | | | |

**17-суроолор базасы**

1. (Б-4 балл) Табиятты коргоонун негизги максаттарынан бирин тапкыла:

1) шаар жана кыштак аймактарын заманбап курулуш жана инфраструктура долбоорлору менен өнүктүрүү

2) табигый ресурстардан экономикалык натыйжалуулукту ашыруу максатында аларды активдүү жана кеңири масштабда өздөштүрүү

3) материалдык, маданий мураска тиешелүү табият объектилерин сактап калуу

4) өнөр жай жана айыл чарба керектөөлөрү үчүн табияттан максималдуу даражада пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

Жообу:_______________

2. (Б-4 балл) Жер участкасына болгон укукту мамлекеттик каттоодон өткөрүү кандай тартипте ишке ашырылат?

1) мамлекеттик кадастр органдарына жазма арыз тапшыруу жана бардык документтерди кагаз түрүндө берүү аркылуу;

2) нотариалдык мекемелер тарабынан жерге болгон укукту тастыктаган документтер расмийлештирилгенден кийин автоматтык түрдө каттоого алуу аркылуу;

3) район (шаар) акимдиги чечиминин негизинде жер участкасына болгон укукту түздөн-түз реестрге киргизүү аркылуу;

4) Бирдиктүү интерактивдүү мамлекеттик кызматтар порталына электрондук түрдө кайрылуу аркылуу.

Жообу:______________

3. (Б-4 балл) Биологиялык ар түрдүүлүк деген эмне?

1) бул жоголуп кетүү коркунучу астында турган жаныбар жана өсүмдүктөрдү мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана аларды асыроо;
2) жер жүзүндөгү бардык тирүү организмдер: өсүмдүктөр, жаныбарлар, козу карындар жана микроорганизмдер жана алардын жашоо чөйрөлөрү жана экосистемалардагы түрдүү формалардын жыйнагы;
3) айлана чөйрөнү коргоо, табигый байлыктардан туура пайдалануу жана экологиялык коопсуздукту камсыздоого каратылган укуктук нормалардын системасы;
4) калыбына келүүчү энергия булактарынан пайдаланып, экосистеманы жакшыртуу чаралары.
Жообу:____________

4. (Б-4 балл) Төмөндө берилгендерден кайсы норма Өзбекстан Республикасы Конституциясына ылайык, жарандардын бурчу болуп саналат?
1) «Жарандар айлана табигый чөйрөгө этияттык менен мамиледе болууга милдеттүү»
2) «Ар бир адам ыңгайлуу айлана-чөйрөгө, анын абалы жөнүндөгү ишенимдүү маалыматка ээ болуу укугуна ээ»
3) «Жарандар шаар куруучулук документтеринин долбоорлорунун мыйзамда белгиленген тартипте коомчулуктун талкуулашында катышышы мүмкүн»
4) «Мамлекетибиздин баалуу табигый байлыктарын көбөйтүүгө, азыркы жана келечек муундар үчүн сактап-абайлоого, айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоого астейдил көңүл бурулат».
Жообу:_____________

5. (Б-4 балл) Кайсы мыйзамга ылайык, юридикалык жана физикалык жактар айлана табигый чөйрөгө, адамдын саламаттыгына жана алардын мал-мүлкүнө, калк чарбасына зыян жеткирип жаткан экологиялык жактан зыяндуу ишмердүүлүктү токтотуу жөнүндө сотко кайрылышы мүмкүн?
1) «Өзбекстан Республикасынын экология жөнүндө» мыйзам
2) «Табиятты коргоо жөнүндөгү» мыйзам
3) «Атмосфера абасын коргоо жөнүндөгү» мыйзам
4) «Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндөгү» мыйзам
Жообу:____________

## 2-Бөлүм Толук чечимди талап кылган жазма бөлүм
## 18-суроолор базасы

1. (К-10 балл) Мамлекеттерди түзүлүшүнө карай
- топторго ажыраткыла;
- федеративдик мамлекеттин негизги белгилерин жазгыла;
- 2 мисал келтиргиле.

2. (К-10 балл) Укуктук мамлекетти
- мүнөздөгүлө;
- белгилерин жазгыла;
- 2 мисал келтиргиле.

3. (К-10 балл) Мамлекет органы жана механизми
- аныктамасын жазгыла;
- алардын өз ара байланыштуулугун түшүндүргүлө;
- мамлекет органдарын түрлөргө ажыраткыла.

4. (К-10 балл) Укук нормасын
- мүнөздөгүлө;
- топторго ажыратып, аныктамасын жазгыла;
- мыйзамдардан мисал келтиргиле.

5. (К-10 балл)  Мамлекеттердин башкаруу формасына карай

- топторго ажыраткыла;
- белгилерин жазгыла;
- мисалдар келтиргиле.

**19-суроолор базасы**

1. (К-10 балл) Өзбекстан Республикасы Конституциясынын «Мамлекет суверенитети» жана «Эл бийлиги» бөлүмдөрүнөн 5 статьяны Конституция нормаларынын негизинде жазгыла.

| Мамлекет суверенитети | Эл бийлиги |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |
| 5. | |

2. (К-10 балл) Өзбекстан Республикасы «Жарандардын экономикалык, социалдык, маданий, экологиялык укуктары» жана «Жеке укук жана эркиндиктеринен» 5 сүн Конституция нормаларынын негизинде жазгыла.

| Жарандардын экономикалык, социалдык, маданий, экологиялык укуктары | Жеке укук жана эркиндиктер |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |

| | |
|---|---|
| 5. | |

3. (К-10 балл) Өзбекстан Республикасы Конституциясынын «Жарандык коому институттары» жана «Үй-бүлө, балдар жана жаштар» бөлүмдөрүнөн 5 статьяны Конституция нормаларынын негизинде жазгыла.

| Жарандык коому институттары | Үй-бүлө, балдар жана жаштар |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |
| 5. | |

4. (К-10 балл) Өзбекстан Республикасы Президенти жана Олий Мажлисинин ыйгарым укуктарынан 5 сүн Конституция нормаларынын негизинде жазгыла.

| Өзбекстан Республикасы Президентинин ыйгарым укуктары | Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин ыйгарым укуктары |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |
| 5. | |

| | |
|---|---|
| | |

5. (К-10 балл) Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруу палатасы жана Сенатынын абсолюттук ыйгарым укуктарынан 5 сүн Конституция нормаларынын негизинде жазгыла.

| Мыйзам чыгаруу палатасынын ыйгарым укуктары | Сенатынын ыйгарым укуктары |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |
| 4. | |
| 5. | |

**20-суроолор базасы**

1. (О-12 балл) А. аттуу жаран өмүр жолдошу Б. менен 6 жыл никеде жашады. Нике аралыгында алар биргеликте киреше таап, жер участкасы жана үй-тиричилик техникаларын сатып алышты. Жер участкасы Б.нын атасынын атына расмийлештирилди. Ажырашуу мезгилинде А. мал-мүлктү бөлүүнү талап кылды. Б. болсо участкасы өзүнө тиешелүү эместигин, ал атасынын мүлкү экенин айтып, А. нын талабын четке какты.

**Суроо:** А. нын аракети туурабы?

Жер участкасы жалпы мүлк болуп саналабы?

Силердин оюңарча, сот кандай чечим кабыл алат? Жообуңарды негиздегиле.

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

2. (О-12 балл) 2023-жылда жаран М. (эне) жана жаран Т. (ата) ортосундагы нике үй-бүлөлүк келишпестиктен улам сот тарабынан бекер кылынды. Никеде эки эрезеге жетпеген перзент болуп, алардын тарбиясы жана күнүмдүк камкордугу сот тарабынан энеге жүктөтүлдү. Нике бекер кылынгандан кийин, перзенттер эненин материалдык камыздыгында калды. Эне эски жолдошунан – тактап айтканда, атадан – эрезеге жетпеген балдардын камкордугу үчүн алимент өндүрүү маселесинде сотко кайрылды. Сот жараянында жаран Т. туруктуу иш жайынын жоктугу, кирешесинин туруксуздугу жана жеке материалдык кыйынчылыктары себептүү алимент төлөөдөн баш тартты.

**Суроо:** Эненин алимент өндүрүү боюнча доосу туурабы?
Атанын алимент төлөөдөн баш тартуу шылтоолору мыйзамдуу негизге ээби?
Жооптарыңарды негиздегиле.

3. (О –12 балл) 16 жаштагы жаран Д. мектептен бош убактысында акча табуу максатында кампа катары иш жүргүзгөн жеке менчик ишканага убактылуу ишке кирди. Иш берүүчү ага аптасына 36 сааттык иш графигин белгилеп, кампага келип жаткан товарларды колдо көтөрүп, тартиптөө жана жайгаштыруу милдетин тапшырды. Д. нын күнүмдүк эмгеги 7 саатка жакын болуп, ал ушул убакыт аралыгында дээрлик тыныгуусуз түрдүү оорлуктагы жүктөрдү көтөрүп ташыйт. Эмгек келишиминде тыныгуу да, ден соолукту коргоо боюнча да жеңилдиктер каралбаган. Д. бир нече аптадан кийин өзүн жаман сезе баштагандан кийин, бул маселе ата-энеси тарабынан эмгек инспекциясына жеткирилди.
**Суроо:** 16–18 жаштагы эрезеге жетпегендер үчүн иш убактысынын нормасы канча?
Иш берүүчүнүн белгилеген иш убактысы мыйзамдуубу?
Жүктү колдо көтөрүү жана ташуу менен байланыштуу иштерде 16-18 жаштагылар үчүн кандай нормалар белгиленген? Жообуңарды негиздегиле.

4. (О-12 балл) Жеке менчик ишканада эсепчи болуп иштеген кызматкер М. ушул айда ишке эки жолу кечикти (30-40 мүнөт). Биринчи кечигиши боюнча

бөлүм башчысы оозеки кулактандырды. Экинчи кечигишинен кийин ишкананын жетекчиси М. га карата тартиптик жаза колдоо жөнүндө буйрук чыгарды. Буйрукта «тартип-эрежени бузгандыгы себептүү сөгүш жарыялансын» мазмунунда жаза белгеленди. М. тартиптик жазага ыраазы эместигин билдирди жана иш берүүчүнүн чечими үстүнөн жогору туруучу органга арызданышын айтты. Жетекчилик болсо бул арызды негизсиз деп эсептеди.

**Суроо:** Ишкана жетекчисинин М. га карата тартиптик жаза колдошу эмгек мыйзамчылыгы талаптарына дал келеби?

М. нын тартиптик жазадан нааразы болуп арыздануу укугу барбы? Эгер болсо, кайсы тартипте ишке ашырылат? Жообуңарды мыйзамдар менен негиздегиле.

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
_______________________________________________________________________

5. (О-12 балл) Окуучу М.Н. «Жаш чыгармачылдар» сынагына өзүнүн жазган ыр жыйнагынан 10 ырды тапшырды. Арадан эки ай өткөндөн кийин, ал интернетте белгилүү блогер тарабынан чыгарылган жаңы электрондук жыйнакты көрүп калды. Жыйнактагы кээ бир ырлар М.Н. жазган ырларга мазмун жана туюнтуу жагынан толук дал келгени аныкталды. Блогер ырлардын авторлугун өзүнүн атынан жарыялаган жана алар аркылуу реклама кирешесин да алаган. М.Н. муну авторлук укугунун бузулушу экендигин айтып, блогерден ырларды өчүрүү жана автор катары таанууну талап кылды. Блогер болсо «интернеттеги көп нерселер жалпы» деп, терс жооп берди.

**Суроо:** Блогердин араеттери М.Н.нын авторлук укуктарын бузуу болуп саналабы? Эмне себептен?

М.Н. ушул жагдайда авторлук укуктарын коргоо үчүн кимге жана кандай тартипте кайрылышы мүмкүн?